**ПЕДАГОГИКА**

**УДК: 373.3**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-90-98**

**Абдухамидова Б.А.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
aba.kg73@mail.ru
**Сабитова Э.С.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕРДИН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ОКУРМАНДЫК КЫЗЫГУУЛАРЫН АРТТЫРУУДА БАЛДАР КИТЕПТЕРИНИН РОЛУ

**Аннотация.** Балдар китептерин башталгыч мектептерде тигил же бул предметти окутууда пайдалануу окуучулардын ошол предметти мыкты өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзөт жана окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандырууда зор роль ойнойт. Ошондуктан, окуу предметине ылайык жазылган окуу китеби менен гана чектелбөө керек. Макалада окуучуларды окууга мотивациялоо үчүн жазылган балдар китептеринин түрлөрү, аларды башка предметтерди өздөштүрүүдө колдонуунун натыйжалуулугу тууралуу сөз болот. Балдар китептеринин түрлөрүнө (электрондук китептер, аудиокитептер, көркөм китептер, декоддоо үчүн китептер, чоң форматтагы китептер, таанып-билүүчүлүк китептери жана башкалар) кыскача мүнөздөмө берилип, аларды окуу процессинде колдонууга карата айрым сабактардын иштелмелеринин болжолдуу үлгүлөрү сунушталды. Бул иштелмелер 1-2-3-4-класстарда колдонууга карата башталгыч класстардын мугалимдерине багыт берет.

**Негизги сөздөр:** окуу, окуу көндүмдөрү, окурмандык ишмердүүлүк, балдар китептери, окурман чөйрө, компетенттүүлүктөр, сынчыл ойлом, предмет аралык байланыш, тексттер аркылуу предметтерди интеграциялоо, таанып-билүү, окутуунун методдору

**Абдухамидова Б.А.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
aba.kg73@mail.ru
**Сабитова Э.С.**
кандидат филологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# РОЛЬ ДЕТСКИХ КНИГ В ПОВЫШЕНИИ ЧИТАТЕЛЬСКОГО ИНТЕРЕСА УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ

**Аннотация.** Использование детских книг при преподавании того или иного предмета в начальных школах способствует лучшему усвоению учащимися этого предмета и играет большую роль в формировании читательской деятельности. Поэтому не следует ограничиваться учебником, написанным в соответствии с учебным предметом. В статье рассказывается о типах детских книг, написанных для мотивации учащихся к чтению, а также об эффективности их использования в освоении других предметов. Дана характеристика видов детских книг (электронные книги, аудиокниги, художественные книги, книги для декодирования, книги большого формата, познавательные книги и т. д.) и предложены примерные образцы разработок уроков по их применению в учебном процессе. Эти разработки дают учителю направление относительно использования в 1-2-3-4 классах.

**Ключевые слова:** чтение, навыки чтения, читательская деятельность, детские книги, читательская среда, компетенции, критическое мышление, межпредметная связь, интеграция предметов через тексты, познание, методы обучения

**Abdukhamidova B.A.**
candidate of pedagogical sciences, associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
aba.kg73@mail.ru
**Sabitova E.S.**
candidate of philological sciences, associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## THE ROLE OF CHILDREN'S BOOKS IN INCREASING THE READING INTEREST OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

**Annotation.** The use of children's books in teaching a particular subject in primary schools contributes to a better assimilation of this subject by students and plays an important role in shaping reading activity. Therefore, one should not limit oneself to a textbook written in accordance with the academic subject. The article describes the types of children's books written to motivate students to read, as well as the effectiveness of their use in the development of other subjects. The characteristics of the types of children's books (e-books, audiobooks, art books, books for decoding, large format books, educational books, etc.) are given and approximate examples of developing lessons on their application in the educational process are proposed. These developments give the teacher direction regarding use in grades 1-2-3-4.

**Keywords:** reading, reading skills, reading activity, children's books, reading environment, competencies, critical thinking, interdisciplinary communication, integration of subjects through texts, cognition, teaching methods

Кыргыз коомунун азыркы этабы советтик түзүлүштөн бошонгон соң жаңы, мурда күтүлбөгөн саясий-экономикалык, социалдык-маданий кырдаалга туш келди: социализмдин жана коммунизмдин идеалдары кыйрады; рыноктук мамилелер, IT технологиялары адамдардын аң-сезимин башка нукка бурду; инсандын моралдык-руханий баалуулуктарга умтулган кызыгууларынын ордун алардын материалдык-мүлктүк кызыгуулары басты.

Адептик-ыймандык деградациянын күч алышы, интернеттин жалпы ааламга таралышы көркөм адабий чыгармага болгон кызыгууну төмөндөттү.

Соңку жылдардагы социологиялык, психологиялык изилдөөлөр азыркы окуучулардын окурмандык кызыгуулары детектив, фэнтези, мотивациялык китептер жакка ооп, көркөм адабиятты, анын ичинен классикалык адабиятты окуу артка сүрүп ташталганын тастыктады. Бул болсо жаштардын адептик-руханий сапаттарынын, эстетикалык табитинин өсүшүнө, практикалык ишмердүүлүгүнүн гиперактивдүүлүлүгүнө, эмоционалдык инфантилдүүлүгүнө тескери таасирин тийгизүүдө. Мультимедиялык компьютерлештирүү, виртуалдык дүйнө барган сайын балдардын китеп окуу маданиятын солгундатып, анын натыйжасында мектеп окуучуларынын бири-бири менен гана эмес, айланасындагы адамдар жана жаратылыш менен алакасы азайып, сабаттуулугу төмөндөп, монитордон көзүн албаган муун пайда болду.

Мына ушундай шартта билим берүүнүн маданий өнүгүүгө, окурманды тарбиялоого багытталган моделин өнүктүрүү, анын стратегиясын заманбап талаптарга ылайыктап иштеп чыгуу баланы кайрадан китептер дүйнөсүнө тартып келүүнүн мүмкүнчүлүгүн жаратат деген ишенимдебиз. Окуучуларды окуу иштерине мотивациялоо үчүн “Адабий окуу” окуу китептери менен гана чектелбөө керек. Ал үчүн класстан тышкаркы окуу китептерин (хрестоматияларды), балдар үчүн жазылган түрдүү формадагы жана жанрдагы китептерди пайдалануу да ийгиликке жетелерин практика көрсөттү. Башталгыч класстан тартып баланын ар түрдүү китептердин, окурман адамдардын чөйрөсүндө болуусу маанилүү [2, 14-б.]. Анткени окуу – бул адабий окуу сабагын гана эмес, аны менен катар башка предметтерди да жакшы өздөштүрүүнүн негизи болуп саналары буга чейин белгилегенбиз. Албетте, балдар китептерин алардын жаш курагына, классына, негизги окуу көндүмдөрүнүн (тыбыштарды кабыл алуу, алфавитти билүү, шар окуу, сөз байлыгы, окуганын/укканын түшүнүү [4]) өнүгүү деңгээлине жана ар бир окуучунун кызыгууларына ылайык тандап алуу маанилүү. Бул китептер окуучулардын китеп окууга болгон кызыгууларын гана эмес, жалпы эле билимдерин, ой жүгүртүүлөрүн, көз караштарын тереңдетүүгө, жаңы алган маалыматтарын өз турмуштук тажрыйбалары менен байланыштырууга көмөктөшөт. Балдар китептерин окуу үчүн окуучуларга ар кандай китептерди тандап алуу укугун жана мүмкүнчүлүгүн берүү менен окутуу процессин ыңгайлуу, кызыктуу жана жагымдуу кылууга, балдардын логикалык ой жүгүртүүлөрүнүн, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсүнө, негизги компетенттүүлүктөрүнүн калыптануусуна өбөлгө түзүүгө болот [3, 4-б.].

ЮСАИДдин “Окуу керемет!” долбоорунун алкагында 1700 000ден ашуун балдар китептери даярдалып, учурда республикабыздын мектептерине акысыз таркатылды. Ал балдар китептери 1-4-класстардын окуучуларына түрдүү тематикада (мекен, жаратылыш, достук, калыстык, адилетттик, ата-эне, үй-бүлө, ынтымак, ден соолукту чыңдоо, туура тамактануу, ден соолукту чыңдоо ж.б.), жанры боюнча (ырлар, аңгемелер, жомоктор, уламыштар, фэнтези, фантастика, тамсил, маалыматтык китептер ж.б.), ошондой эле, китептердин жаңы түрлөрү, тактап айтканда, чоң форматтагы китептер, декоддоо (декодирлөө) үчүн китептер, комикстер, виммельбух китептери жана аудиокитептер катары даярдалды жана алар менен иштөө аркылуу окуучулардын окурмандык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу, окуу предметтерин терең өздөштүрүүдө кошумча окуу материалдарын колдонууга карата методикалык колдонмо иштелип чыкты. Бул сыяктуу балдар китептерин башталгыч класстарда класстан тышкаркы окуу/өз алдынча окуу үчүн кошумча материал катары тандап алууга, тексттердин тематикасына, жанрына жараша иштөө зарылдыгын түшүндүрүү жана аларды колдонууга карата мугалимдерге, албетте,

багыт берүү, айрым сценарийлерди да сунуштоо маанилүү. Окуу процессинде көркөм китептер менен бирге илимий таанып-билүү адабияттары менен иштөөнүн натыйжалары катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

1-ден, окуучулардын окуу процессине тартылышына, окуу өбөлгө түзөт, анткени белгилүү бир окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдө ар кандай жанрдагы тексттерди пайдаланууга мүмкүндүк берет; кээ бир окуучулар көркөм адабиятты окуганды жакшы көрүшөт, ал эми башкалар илимий таанып-билүү адабияттарына артыкчылык беришет. Бир эле окшош тема боюнча көркөм адабиятты жана илимий таанып-билүү адабиятын айкалыштыруу менен, алардын окурмандары ортосундагы ажырымды алып салса жана окуучуларды адабияттын ар түрдүү түрлөрүн окууга тартуу менен, алардын окурмандык кызыгууларын арттырып, сабакта катышуусун активдештирсе болот.

2-ден, тексттин эки категориясынын касиеттерин жана өзгөчөлүктөрүн түшүнүү окуучулардын көз караштарын кеңейтүүгө жана темаларды тереңирээк талкуулоого өбөлгө түзөт.

3-дөн, окуучулар адабияттын ар кандай жанрлары менен таанышып, өз сөз байлыгын байытышат, шар окуу көндүмдөрү өнүгөт, окуганын же укканын түшүнүүсү, оозеки жана жазуу кеби жакшырат.

4-дөн, балдар китептеринин ар кандай түрлөрүнүн айкалышы окуучулардын сабаттуулугун, чыгармачыл иш жазуусун өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

5-ден, теманы жана контекстти түшүнүү үчүн илимий адабияттардан маанилүү маалыматты алуу менен, бала көркөм адабиятты жакшыраак түшүнөт. Тескерисинче, көркөм адабиятта баяндалган бай тажрыйба илимий текстте маалыматты жакшыраак өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт.

Класстан тышкары окуу жана өз алдынча окуу (үй-бүлөлүк окуу үчүн да!) үчүн балдар китептеринин түрлөрү кандай болуусу мүмкүн?

Балдар китептери темасы жана жанры, форматы, мазмуну, татаалдыгы, стили боюнча ар түрдүү, ошону менен катар иллюстрациялуу болуп, балдардын белгилүү бир курагына, кызыгууларына туура келип, аларды окурман катары калыптандырууга жана өнүктүрүүгө тийиш. Алардын сюжеттик жана предметтик сүрөттөр менен коштолуусу максатка ылайык келип, баланын адабий текстти түшүнүүсүнө, чыгарманын темасы, идеясы жөнүндө түшүнүгүн калыптандырууга, көркөм образдарды, каармандардын жасаган иш-аракеттерин талдоого, жакшы менен жаманды, чындык менен жалганды, адилеттик менен адилетсиздикти, берешендик менен сараңдыкты ж.б. ажыратып түшүнүүсүнө өбөлгө түзөт [7, 27-б.].

Балдар китептеринде чыгарманын окуясы чакан текст менен берилип, тексттин мазмунун чагылдырган кырдаалдык сүрөттөрдүн ырааттуу топтому коштолууга тийиш. Ал эми иллюстрацияларды тексттин кайсы бир окуясын тек гана визуалдык коштоо катары карабастан, аны визуалдык байланыш каражаты катары кабылдоо туура болот. Иллюстрациялар окурмандарга каармандардын сезимдерин (сүйүү, коркуу, уялуу, өкүнүү, кубануу, колдоо ж.б.), жүрүм-турумун жана эмоцияларын образдуу жана тереңирээк түшүнүүгө жардам берет [6, 25-б.].

Балдар китептердин саны жана ар түрдүүлүгү көбөйгөн сайын мугалимдерде окуучуларын өз алдынча окууга үйрөтүүчү жана кызыктыруучу китептердин темаларын жана түрлөрүн тандоого көбүрөөк мүмкүнчүлүк болот. Алардын бир нече түрлөрү жана алар мүнөздөмөсүн белгилеп кетели:

Балдар китептери жасалгасы боюнча: кагаз-басылма китеп; электрондук медиадагы китеп (аудиокитеп, видеокитеп, онлайн китеп, мобилдик тиркемедеги китеп); ылайыкташтырылган китептер; кинестетикалык (сезимтал) китептер болот [3, 7-б.].

Негизги окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча: фонемалык кабыл алууну өнүктүрүү максатында балдарга үн чыгарып окуу үчүн; алфавитти өздөштүрүү үчүн (азбукалар, алиппелер); окуп баштагандар үчүн; балдардын өз алдынча окуусу үчүн даярдалган китептерди белгилөөгө болот.

Стили боюнча: көркөм жана илимий таанып-билүүчүлүк же маалыматтык китептер деп бөлүүгө болот. Көркөм китептерге жомок, ыр, аңгеме, повесть, тамсил, детектив, фантастика, фэнтези, уламыш, миф, поэма, ал эми маалыматтык китептерге таанып-билүүгө багытталган тарыхый, илимий тексттер, сөздүктөр, энциклопедиялар, атластар ж.б. кирет.

Көркөм китептер – искусствонун түрү, анда көркөм дүйнө, көркөм образдар тилдик каражаттар тарабынан жаратылат. Кээде окуянын убактысы жана орду, сюжети жана каармандар чыныгы окуяларга же адамдарга негизделет, бирок көбүнчө алар (чыныгы окуялар) ойдон чыгарылган окуяларды жазууга шыктандыруучу булак болуп саналат.

Илимий таанып билүүчүлүк (маалыматтык) китептер – бул атайын илимий билимди балага жеткиликтүү формада сунуштап, аны кандайдыр бир кызыктуу, өзгөчө жана түшүндүрүү үчүн татаал нерселерди билүүгө шыктандырган адабият; чыгармачыл изденүүнүн ырахатын тартуулап, түрдүү суроолорго жооп берүү менен тааныштырат.

Илимий таанып-билүү адабияттарынын негизги милдети – баяндоо, маалымат берүү, түшүндүрүү, ишендирүү жана реалдуу дүйнөдөгү кубулуштар боюнча окурмандарга нускама берүү. Айрым чыгармалар маалыматты кызыктуу формада берип, жаңы идеялардын жана чыгармачыл жазуунун эшигин ачуу менен окурмандык кызыгуусун жаратат.

Илимий таанып билүү адабияттардын чыгармалары окуучуларга айлана-чөйрөдөгү дүйнөнү ачууга жана жаңы түшүнүктөрдү өз жашоосу менен байланыштырууга жардам берет. Бул окуганга окуп-үйрөнүү процессинде окуучулардын ар кандай кызыкчылыктарын эске алууга жана аларды окуганга тартууга мүмкүндүк берет.

Форматы жана белгилүү бир окуу көндүмүн практикада колдонуу боюнча чоң форматтагы жана декоддоо үчүн китептерди колдонуу сунушталат.

Балдар китептерин окуу процессинде, класстан тышкаркы окууда жана өз алдынча окууну уюштурууга карата болжолдуу үлгүлөрдү карап көрөлү. Ал үчүн чыгарманын аталышы, автору, иллюстратору менен тааныштыруу; күтүлүүчү натыйжалар; колдонулуучу стратегиялар/ыкмалар; керектелүүчү каражаттар; окутууну уюштуруунун формасы; иштөө кадамдары; жогорудагы стратегияларды колдонуу менен дагы кайсы чыгармаларды колдонууга болору жазылат. Мисалы, 1-класстын окуучуларына декоддоо үчүн китептерди колдонууда "Жаңырык окуу" стратегиясы жана «Негизги тамганы тап» оюнун колдонсо болот.

«Жаңырык» ыкмасын колдонуу менен мугалим тексттин улам бир сүйлөмүн окуйт, ал эми окуучулар ошол эле сүйлөмдү мугалимдин артынан кайталап окушат же айтышат. Бул көнүгүүнү бир нече ирет кайталоо менен ийгиликке жетүүгө болот. Андан соң, тексттин мазмунуна ылайык жана балдардын окуп/угуп түшүнүүсүн бекемдөө максатында суроо-жооптор жүргүлөт. Ал эми «Негизги тамганы тап» оюну аркылуу берилген сөздөрдүн ичинен өтүлүп жаткан тамганы табуу, ал сөздөрдү эстеп калуу жана аларды так, туура айтууга машыктырууга болот.

Сөздөр ар бир окуучу аларды көрө ала тургандай жайгаштырылат. Алар бири-биринен жеңил айырмалоо үчүн түрдүү түстөрдө, баш тамгалар менен жазып койсо болот. Төмөндө **«Негизги тамганы тап»** оюнунун үлгүсү берилди. Мугалим менен окуучулар чогуу иштешет: алар берилген сөздөрдөн “ц” тамгасын таап, аны тегеректеп коюшат.

Сөздөрдү муундарга алакан чабуу менен бөлүп айтышса да болот (цирк, мо-то-цикл, ми-ли-ция, кон-церт, цу-на-ми, це-мент, ци-фра).

Бул оюнду башка тамгаларды үйрөтүүдө да колдонсо болот.

Эми аудиокитептер менен иштөөдө «Ооба, жок» таблицасын, «Сүйлөмдөрдү толуктайбыз» көнүгүүсүн колдонушу мүмкүн. Мисалы, «Ооба же жок” таблицасына жазуу жүзүндө же оозеки жооп беришет (жекече, жуптарда иштесе болот). Мисалы: Ысмайыл Кадыровдун “Кимиси коркок?” аттуу аудиокитепти уккандан кийин «Ооба – жок» формасын толтуруунун үлгүсүн карайлы:

1-таблица. “Ооба-жок” таблицасы

| | **Суроолор** | | **ооба** | **жок** |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Карга алма таап алды. | | | + |
| 2. | Карга жаңгакты тумшугу менен тиштеп алып, көкөлөп учту. Анан жердеги чоң ташты мээлеп туруп, таштап жиберди. | | + | |
| 3. | Жаңгак ташка “чак” деп тийгенде, таш түбүндө уктап жаткан карышкыр чочуп ойгонуп, тоону көздөй качып жөнөдү. | | | + |
| 4. | Өзүн көздөй атырылып келе жаткан коёнду карышкыр экен деп корккон кой бадалды аралай качты. | | + | |
| 5. | Бадал түбүндө жолборс уктап жаткан. | | | + |
| 6. | Тоону капталында ийин казып жаткан чычкан мышык кол салды деп ойлоду. | | + | |
| 7. | Чычкан ылдый тоголонуп барып, жаңгак жеп жаткан каргага бир тийди. | | + | |
| 8. | Карга ага көңүл бурбастан, жаңгакты жей берди. | | | + |
| 9. | Бул жандыктардын кимиси коркок? | баары коркок | | |
| | | коён | | |

Мында чыгармадагы негизги иш-аракеттерди таблицага катар ирети менен так жазып коюу зарыл. Окуучу алардын ар бирин окуп же угуп, “ооба” же “жок” деген графага “+” же “–” белгилерин коюп чыгат. Эмне үчүн бул белгини койгондугу аркылуу мугалим окуучунун жообун тактап койсо болот. Бул тапшырма аркылу окуучулардын окуп\угуп түшүнүүсүн, эстеп калуусун, ой жүгүртүүсүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Ал эми «Сүйлөмдөрдү толуктайбыз» көнүгүүсүнө ылайык окуучулар жуптарда же кичи топтордо иштесе болот. Бул ыкманын максаты: окуучулардын жомоктун мазмунун билүүсүн текшерүү менен бирге, эсте тутуусун бекемдейт. Мында мугалим жомоктогу окуяларды 5 бөлүккө бөлүп, ар бир бөлүктү өз алдынча баракка жазып коет. Барактарды ар бир топко

таркатып, тапшырманын шартын түшүндүрөт жана аларга багыт берет. Ар бир топтун мүчөлөрү чыгарманын фрагменттеринде калтырылып кеткен сөздөрдү көп чекиттин ордуна туура коюп жазып чыгышат. Тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин, аны аудиокитептеги текст менен салыштырышат жана чыгарманын текстин кезек менен окуп же айтып беришет. Топтордун аткарган жумуштарын дубалга илип койсо болот. Тыныгуу учурунда балдар бири-биринин жазгандарын окуганга мүмкүнчүлүк алышат.

Адабий окуу китебинде берилген чыгармалдардан тышкары башка кошумча көркөм китептер менен иштөө балдарды окууга болгон кызыгууларын жандандырарын бир нече чыгармаларды тандап алып, алар менен тааныштыруудан жана чыгарманы кабылдоосуна багытталган көнүгүүлөрдү аткаруудан улам байкалды. Бул учурда «Сөздөрдүн уңгусу» таблицасы, «Ачык жана жабык суроолор» формасын, «Мен ойлойм...» стратегиясын колдонсо болот.

«Сөздүн уңгусу» таблицасына ылайык жекече жазуу ишин аткарышат. Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча иштин бул форматы сөздөрдүн маанисин аныктоону жана сөздөрдү талдоону билдирет. Биринчи катарда – сөздүн уңгусу, экинчи катарда – уңгулаш сөздөр, үчүнчү катарда – бул сөздөрдүн маанилери берилет. “Банкадагы печенье” (Назизе Херero) чыгармасына карата «Сөздөрдүн уңгусу» таблицасын түзүүнүн үлгүсүнө көңүл бөлөлү:

2-таблица. “Сөздөрдүн таблицасы”

| **Сөздүн уңгусу** | **Уңгулаш сөздөр** | **Сөздөрдүн маанилери** *(окуучулардын болжолдуу жооптору)* |
|---|---|---|
| **Дос** | достор | жакын мамиледеги эки же андан көп бала\кыз |
| | достук | эки же андан көп адамдын жакын мамилеси |
| | достошуу | бирөө менен жакын, жылуу мамиледе болуу |
| **Көмөк** | көмөкчү | Жардамчы |
| | көмөктөшүү | жардам берүү, кол кабыш кылуу |
| **Бала** | балдар | эки же андан көп бала |
| | балалык | адамдын жаш курагы |
| | балакай | кичинекей бала |

Мугалим бул таблицаны окуучуларга берүүдө 3-катарды бош калтырат. Тактап айтканда, уңгулаш сөздөрдүн маанилерин окуучулар өзүлөрү чечмелеп жазууга тийиш.

Ал эми «Ачык жана жабык суроолор” таблицасына жазуу жүзүндө же оозеки жооп беришсе да болот (жекече, жуптарда иштесе болот). Жогоруда аталган чыгармага карата ушул форманы толтуруунун үлгүсүнө көңүл бөлөлү:

3-таблица. “Ачык жана жабык суроолор” таблицасы

| **Жабык суроолор** | |
|---|---|
| 1. Суроолордун жообу: “ооба” – “жок” | Балдар Микинин бөлмөсүн жыйноого жардам бериштиби?<br>ооба жок |
| 2. Сунушталган бир | “Микинин бөлмөсүн жыйнашууга көмөктөшсөңөр, мен |

| | |
|---|---|
| нече варианттын ичинен бир туура жоопту тандоону талап кылган суроолор | силерге печенье берем" деп ким убада берди?<br>а) Унати в) Пруденс<br>б) Жонатан г) Мики өзү |
| 3. Сунушталган жооптордун ичинен бир нече туура жоопту тандоону талап кылган суроолор | Банкадагы печеньени алуу үчүн достор кандай аракеттерди кылмак болушту?<br>а) отургуч алып келип, кезек менен үстүнө чыгып көрүштү<br>б) шатыга чыгып алмакчы болушту<br>в) идишке сыйыртмак салып, ылдый тартмай болушту<br>г) топ менен уруп түшүрмөй болушту |
| **Ачык суроолор** | |
| 1. Кошумча айтып берүү | - Эмне үчүн достор печеньени алуу үчүн айтылган бардык сунуштарга макул болушкан жок?<br>- ........................................................................ |
| 2. Кыскача жоопту талап кылган суроолор | - Пруденс атайын сыртка чыгып кеткен жокпу? Кандай ойлойсуң?<br>- .......................................................................<br>- Балдардын мүнөздөрүн сүрөттөгөн үч сөздү жаз.<br>- ....................................................................... |
| 3. Толук жоопту талап кылган суроолор | - Сен кандай ойлойсуң, эмне үчүн чогуу ичкен чай даамдуу болот?<br>- ........................................................................... |

Бул суроолорду даярдоодо татаал жана так эмес түзүлгөн суроолордон качуу керек: окуучу өзүнүн ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнүн көпчүлүк бөлүгүн суроонун маанисин түшүнүү үчүн сарптабашы керек.

Ачык жана жабык суроолорду берүү менен окуучулардын окуп\угуп түшүнүүсүн, ой жүгүртүү, аргументтештирүү, талдоо, баалоо көндүмдөрүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

«Мен ойлойм...» көнүгүүсүнө ылайык окуучулар жуптарда жазуу жүзүндө иштешет. Бул көнүгүү окуган чыгармасына жооп кайтаруунун жазуу жүзүндөгү дагы бир формасы болуп саналат. Мында текстте баяндалган түрдүү кырдаалдарга карата окуучу өз ойлорун кыскача баяндоо аркылуу жазуу көндүмү калыптанат. Ар бир жупка экиден кырдаалдык суроо берилет. Түгөйлөр берилген суроолорго жоопторун жазышат жана жалпы класс алдында жарыя окуп беришет. Эгер сабак учурунда бардык окуучулар аткарган жумуштарын окуп бергенге жетишпей калса, анда мугалим "Ойлордун жарманкесин" уюштуруп койсо

болот. Мында ар бир жуптун аткарган жумуштары дубалга илинет. Тыныгуу учурунда балдар бири-биринин жазгандарын окуганга мүмкүнчүлүк алышат.

Мына ушундай иштер, жогоруда айтылгандай, ырааттуу, максаттуу жүргүзүлгөндө гана натыйжага, ийгиликке жетүүгө болот. Ал окуучунун окуу ишмердүүлүгүн системалуу жакшыртып жүрүп отуруу менен, окурмандык маданиятын калыптандырууга жол ачат. Мунун өзү окуучуларды окууга мотивациялоонун, окуу көндүмдөрүн жакшыртуунун түпкү максаты да болуп эсептелет.

**Адабияттар**

1. Абдухамидова Б.А. Башталгыч класстарда окуу ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн талаптары, педагогикалык шарттары жана окурмандык кызыгууларын өркүндөтүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн принциптери / Б.А.Абдухамидова // И.Арабаев атындагы КМУнун Кабарлары. – Бишкек, 2022. – № 4. – 177-184-б.б.

2. Абдухамидова Б.А. Адабий окуу сабагын жана анда окурманды тарбиялоо проблемасынын ааламдашуу доорундагы функциялары / Б.А.Абдухамидова // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2023. – № 2. – 11-19-б.б.

2. Балдар адабият китептеринин каталогу [Текст] / түзүүчүлөр: С.А.Хамзина, Н.Т.Кабылбекова, Г.И.Маматова. ЮСАИДдин “Окуу керемет!” долбоору. – Б., 2023. – 192 б.

3. Кыргыз тили жана окуунун предметтик стандарты [Текст] / түзүүчүлөр: А.Д.Токтомаметов, Б.А. Абдухамидова, А. Маткеримова. – Б., 2015. – 47 б.

4. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана методикасы [Текст] / А.Ж.Муратов. – Б.: Турар, 2013. – 554 б.

5. Рысбаев С.К. Баланы китеп окууга үйрөтүү технологиялары [Текст] / С.К.Рысбаев. – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2017. – 104 б.

6. Сакиева С.С. Окуу көндүмүнүн калыптанышы жана өркүндөтүлүшү / С.С.Сакиева // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2022. – № 1. – 125-131-б.б.

7. Электрондук китептер: https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet

**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Батыркулова А.Б.**